КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

АК-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2024-жылдын 12-январы №105 Тилекмат айылы

**Ак-Дөбө айылдык аймагынын 2023-жылга бюджетин аткарылышы жөнүндө жана 2024-жылга Ак-Дөбө айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүү жөнүндө.**

Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн финансы экономика бөлүмүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучусу М.Тутаеванын жана финансы экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.К.Баямановдун кошумча маалыматын угуп жана талкуулап айылдык кенештин сессиясы токтом кылат.

2024-2026-жылга айыл аймактын айыл өкмөтүнө келип түшкөн кирешелердин долбоору тиркемеге ылайык 2024-жылга 39794,6 (отуз тогуз миллион жети жүз токсон төрт миң алты жүз) сом, 2025-жылга 44653,2 (кырк төрт миллион алты жүз элүү үч миң эки жүз жүз)сом, 2026-жылга 50596,2 (элүү миллион беш жүз токсон алты миң эки жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.

1. 2024-жылдын бюджети 39794,6 (отуз тогуз миллион жети жүз тосон төрт миң алты жүз) сом менен бекитилсин.
2. Айыл өкмөт,маданият жана башка кызматкерлеринин айлык акысы 10464,0 (он миллион төрт жүз алтымыш төрт миң ) сом менен бекитилсин.
3. Соцфонд 1419,5 (бир миллион төрт жүз он тогуз миң беш жүз) сом бекитилсин.
4. Иш сапарга 370,6 (үч жүз жетимиш миң алты жүз) сом бекитилсин.
5. Кызмат көрсөтүүлөр 1451,1 (бир миллион төрт жүз элүү бир миң бир жүз) сом бекитилсин.
6. Спорт оюндарына 500,0 (беш жүз миң) сом каралсын.
7. Чарбалык жана концелярдык товарлар 1232,0 (бир миллион эки жүз отуз эки миң) сом бекитилсин.
8. Офистик буюмдар жана керектүү инвентарларга 610,0 (алты жүз он миң) сом бекитилсин.
9. Айылдык кенештин төрагасынын бир жолку төлөнүүчү жөлөк пул эмгек акысы жыл ичинде өткөрүлгөн 10 сессияга 6500 сом жана соцфондко 1121 сом өлчөмүндө бекитилсин.
10. Айыл өкмөт башчысынын резервдик фонду 395,0 (үч жүз токсон беш миң) сом өлчөмүндө бекитилсин жана өз багытында жумшалсын.
11. 2024-жылы жарандык коргоонуга (өзгөчө кырдаалдар) жергиликтүү бюджеттен 500,0 миң сом каралсын жана пайдаланбай калса башка беренелерге жумшалсын.
12. Айыл өкмөтү боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды Жети-Өгүз айылындагы атайын класска алып барып келүү үчүн күйүүчү май менен камсыз кылууга 139,5 (жүз отуз тогуз миң беш жүз) акча каражаты бөлүнүп берилсин. (расчеттор тиркелет)
13. Айыл өкмөтүнүн бала бакчаларына атайын эсепке ата-энелерден түшүүчү чыгымы 1274,4 (бир миллион эки жүз жетимиш төрт миң төрт жүз) сом акча каражаты бекитилсин.

14. Жергиликтүү бюджетке 2024-жылга жайыт акысынан келип түшкөн 208,9 (эки жүз сегиз мин тогуз жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.
15. Айыл банк аркылуу лизингке алынган айыл чарба техникаларына которулуучу акча каражаты графикке ылайык төлөнсүн. 2768,3 (эки миллион жети жүз алтымыш сегиз миң үч жүз) сом бекитилсин жана жетпеген суммасы жергиликтүү бюджеттин 6 айлык аткарылышынын негизинде үнөмдөлгөн акча каражаты менен толуктасын.
16. Майрамдар жана иш чараларга 1625,0 (бир миллион алты жүз жыйырма беш миң) сом бекитилсин.
17. Ак-Дөбө айыл аймагынын жаңы конуштарына электр энергия тартууга сметага ылайык 7634,1( жети миллион алты жүз отуз төрт миң бир жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.
18. Социалдык коргоо беренеси боюнча аз камсыз үй-бүлөөлөргө жардам көрсөтүүгө 750,0 (жети жүз элүү мин) сом өлчөмүндө бекитилсин.
19. Аз камсыз үй-бүлөөлөргө көмүр алып берүү 250,0 (эки жүз элүү миң).
20. Айыл өкмөттүн кызматтык унаасына күйүүчү майына жана запастык тетиктерине 323,0 (үч жүз жыйырма үч миң) сом өлчөмүндө бекитилсин.
21. Байланыш кызматына акы төлөөгө 200,0 (эки жүз мин) сом өлчөмүндө бекитилсин.
22. Тамак-аш азыктарын алууга бала бакчага 989,2 (тогуз жүз сексен тогуз миң эки жүз) сом жана мектептерге 196,8 (бир жүз токсон алты миң сегиз жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин. Жалпы сумма 1186,0 (бир миллион бир жүз сексен алты миң) сом.
23. Мектептерге жана бала бакчаларга көмүр сатып алууга 1171,0 (бир миллион бир жүз жетимиш бир миң) сом өлчөмүндө акча каражаты бекитилсин.
24. Мектептердин учурдагы ремонт иштерине 190,0 (бир жүз токсон миң) сом өлчөмүндө бекитилсин.
25. Социалдык обектилердин (мектеп, бала бакча) таза суусуна -180,0 (бир жүз сексен миң) сом.
26. Мектеп окуучуларын лагерге жиберүүгө 75,0 (жетимиш беш миң) сом.
27. Көмөкчү чарба уюштурууга (мектеп, бала бакча алдында тамак ашын өздөрү каржылап, витаминдүү, таза өсүмдүктөрдү өстүрүү) 154,5 сом бекитилсин.
28. Ак-Дөбө айыл аймагындагы таштанды полигондорун түрттүрүп, курчоого 800,0 (сегиз жүз миң) сом өлчөмүндө бекитилсин. Тилекмат айылына 400,0 (төрт жүз миң) сом, Аң-Өстөн айылына 200,0 (эки жүз миң) сом, Ак-Дөбө айылына 200,0 (эки жүз миң) сом деп бөлүнсүн.
29. Гипрозем, Архитектура, Госрегистр иш кагаздарын бүтүрүүгө 200 (эки жүз миң) сом бөлүнсүн.
30. Армияга жазгы, күзгү чакырууга 50,0 сом бекитилсин.
31. Аймактын жолдоруна кум шагыл төгүп, түздөөгө күйүүчү майга 400,0 (төрт жүз миң) сом өлчөмүндө бекитилсин.
32. Тилекмат айылынын латокторун орнотууга 1230,5 (бир миллион эки жүз отуз миң беш жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.
33. Ак-Дөбө айылынын кампасынын чатырын алмаштырууга 500,0 (беш жүз миң) сом өлчөмүндө бекитилсин.
34. Аймактын имамдарынын кайрылуусунда эвакуациялык план, өрт өчүрүүчү щит шаймандары алынып берилсин. (МЧСтен)
35. Айыл аралык арыктарды тазалоого 300,0 (үч жүз миң) сом бекитилсин.
36. Келишим менен эмгек акыга (электрик) 183 (бир жүз сексен үч миң) сом бекитилсин.
37. Оргочор айылындагы тарых-тануу музейине 20,0 (жыйырма миң) сом бекитилсин.
38. Тилекмат, Ак-Дөбө бала бакчалардын ачылыш аземине 500,0 (беш жүз миң) сом бекитилсин.
39. Чулум –Кашканын маарекесине 200,0 (эки жүз миң) сом бекитилсин.

40. Аймагыбыздын жашылдандыруу жана көрктөндүрүүсүнө 300 (үч жүз миң) сом бекитилсин.
41. Тилкелик нускоочулардын күйүүчү майына 31,0 сом акча каражаты бөлүнсүн.
42. Айыл аймактын айыл өкмөтүнүн бюджетинде каралган кирешелердин жана жыл ичинде болуучу чыгымдардын иш чаралары толук өз убагында, акча каражаты 200,0 мин сомдон жогору болсо айыл аймактын айыл кенешинин токтомунун негизинде үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.
43. 2024-жылдын бюджетине түшкөн кирешелер биринчи кезекте корголгон беренелерди каржылоого жумшалсын.
44. 2024-жылга бекитилген бюджеттин чыгымдар бөлүгү жыл ичинде муктаждыктарга карата Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин негизинде кварталдан кварталга,статьядан статьяга айыл аймагынын айылдык кенештин макулдугу менен которууга мүмкүндүк берилсин.
45. Ак-Дөбө айыл аймагынын бюджетинин кошумча өзгөрүүлөрү айылдык Кенештин кезектеги сессиясынын кароосуна сунушталсын.
46. Бул токтомдун аткарылышынын көзөмөлгө алуу айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы М.Б. Алиевке жана айылдык кеңештин бюджеттик туруктуу комиссиянын төрагасы А.К.Баямановко милдеттендирилсин.
47. Токтом 2024 –жылдын январынан тартып күчүнө кирсин.

**Төрага** **А.Тыныбеков**